**Тиркеме**

**Мамлекеттик тил айлыгынын алкагында аткарылган иштер тууралуу маалымат**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж. Байсалов тарабынан 2022-жылдын 23-августунда кол коюлган иш- чаралар планына ылайык 2022-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "23-сентябрь - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө карата бир айлык жарыялоо жөнүндө" № 1721/ буйругу чыккан жана атайын иш - чаралар планы бекитилген. Билим берүүнүн бардык баскычтарына иш чаралар планын аткарууда бир катар заманбап талаптар коюлуп, тиешелүү көрсөтмөлөр берилүү менен билим берүүнүн бардык баскычтары менен онлайн жана офлайн форматында кеңешмелер өткөрүлдү.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү максатында Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан төмөнкү иштер аткарылган:

- 5-сентябрда министрликтин 80 кызматкери КР Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан уюштурулган **"Сабаттуу жазуу"** өнөктүгүнө катышышты.

- Мамлекеттик тил күнүнө жарыяланган айлык ичинде Кыргыз радиосунун "Башат" берүүсү менен биргеликте 12, 15, 21, 27, 29-сентябрда "Кыргыз тилин окутуунун маселелери" аталышында мектепке чейинки билим берүү, мектеп, кесиптик билим берүү (башталгыч, орто, жогорку) уюмдарынын адистери менен бир катар **радио уктуруулардын сериялары** уюштурулду жана маалымат-массалык каражаттарына, соцтармактарга жайгаштырылды.

- 14-сентябрда А.Осмонов атындагы улуттук китепканада кыргыз тилин үйрөнүү боюнча **инновациялык усулдуктардын көргөзмөсү** уюштурулуп, ага мамлекеттик, жеке бакчалардын, мектептердин, кесиптик окуу жайлардын өкүлдөрү катышышты. Аталган көргөзмөнүн негизги максаты коомчулукту кыргыз тилин окутуунун жаңы усулдары менен тааныштыруу жана алдыңкы

иш тажрыйбаларды жайылтуу болду. Көргөзмөгө 14 катышуучу басылма жана электрондук усулдары менен катышып, тажрыйбалары тууралуу кеңири баяндап беришти.

- 7-октябрда И.Раззаков атындагы кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж. Байсалов, КР Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы К.О.Осмоналиев, КР Билим берүү жана илим министри У.Э. Мамбетакуновдун жана билим берүүнүн бардык баскычтарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда **“Мамлекеттик тилди окутуунун методологиясын жана технологиясын өркүндөтүү чаралары”** аталышындагы кереге кеңеш болуп өттү.

Кереге кеңеште Э.Ж.Байсалов, К.О.Осмоналиев, У.Э.Мамбетакуновдор сөз сүйлөшүп, мамлекеттик тилди окутуу маселелерине токтолушуп, сунуштарын беришкен соң “Билим берүү тармагында мамлекеттик тилди окутуу маселелери”, “Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында мамлекеттик тилди окутууда колдонулган заманбап ыкмалар”, “Кыргыз тилин эне тили катары окутууда функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу”, “Мектептерде мамлекеттик тилди окутуунун коммуникативдик ыкмасы”, “Кесиптик кыргыз тили” программалары тууралуу кызыктуу баяндамалар жасалды.

- жаштар жана студенттер арасында кыргыз тилин өнүктүрүү багытында теледебат, флешмоб, көркөм окуу, жолугушуу, интервью жана башка мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытындагы ар түрдүү иш-чаралар өткөрүлдү.

- ошону менен бирге өткөн жылдын 11-ноябрында Ош шаарынын №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейинин базасында билим берүүнүн бардык баскычтарынын мамлекеттик тил адистеринин катышуусунда кереге кеңеш болуп өттү. Кеңешме алдында кыргыз тилин окутуунун жана үйрөтүүнүн алдыңкы тажрыйбаларынын көргөзмөсү уюштурулуп, актуалдуу темаларды чагылдырган баяндамалар жасалды. Аталган жыйынга мектепке чейинки билим берүү, мектеп жана кесиптик окуу жайлардын өкүлдөрү катышышты.

15-ноябрда “Сейтек” улуттук балдар чыгармачылык борборунда кыргыз **тилчи мугалимдердин** жана **китепканачылардын форуму** уюштурулду. Форумдун максаты мамлекеттик түзүмдөрдүн, профессионалдык жана граждандык коомчулуктун көңүлүн өсүп келе жаткан муунду руханий жана маданий жактан тарбиялоодо китеп окуу маданиятын калыптандыруу негизги багыт экендигине жана санариптештирүү доорунда мектеп китепканаларынын

көйгөйлөрүнө көңүл буруу болду. Аталган Форум заманбап форматта өткөрүлүп, катышуучулар тиешелүү маалыматтарга ээ болуу менен көрсөтмө алып кайтышты.

- Билим берүүнүн бардык баскычтарынын кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 7-декабрындагы №2668/1 буйругу менен "Мыкты баяндамачы" сынагы өткөрүлүп, жалпысынын 103 катышуучу катышып, жыйынтыгы чыгарылды. Сынактын максаты мугалимдердин эркин сүйлөй билүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо, алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу жана тажрыйбаларды мугалимдерди материалдык жана моралдык жактан колдоо болду.
- Кыргыз Республикасынын көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясын, "Кыргыз жараны" концепциясын ишке ашыруу максатында КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 8-декабрындагы № 2694/1 буйругу менен "Мыкты көп тилдүү мугалим" сынагы өттү. Аталган сынак Бишкек шаары жана Чүй облусунун мугалимдери арасында өткөрүлүп, көп тилдүү билим берүү программасы менен иштеп жаткан мектепке чейинки жана жалпы орто билим берүү уюмдары катышышты.

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатында министрликтин алдында жаңы милдеттер турууда.

1. Кыргыз тилин окутуунун предметтик стандартын жаңылоо;
2. Кыргыз тилин деңгээлдер бонча окутуунун натыйжалуулугун арттыруу;
3. Окутуунун жаңы технологияларын үйрөнүү жана жайылтуу;
4. Көп тилдүү билим берүүнүн келечек программасын иштеп чыгуу;
5. Жаш тилчилер менен системалуу иш алып баруу;
6. Кесиптик окуу жайларында "Кесиптик кыргыз тилин" киргизүү багытында иштерди улантуу;
7. Мамлекеттик тилди окутуу боюнча алдыңкы иш тажрыйбаларды аныктоо жана жайылтуу;
8. Китепканалардын кызматкерлери үчүн Кесиптик билим берүү жана квалификациясын жогорулатуу программаларын иштеп чыгуу жана жыл сайын жаңыртуу маселеси.
9. Региондордун мектеп китепканаларынын кызматкерлери үчүн кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу дистанттык системасын түзүү.
10. Мектеп китепканаларына зарыл болгон өзгөртүүлөрдүн масштабы жана тереңдиги постиндустриалдык маалыматтык коомго өтүү, жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүндө маалыматтык

технологиялардын ролунун өсүшү, заманбап билим берүү системасына коюлган талаптарга кесиптик коомчулуктун жана коомдук уюмдардын таасиринин күчөшү менен байланышкан билим берүү системасынын чакырыктары менен шартталган.